моделдерин иштеп чыгып, аларды студенттердин катышуусунда эмпирикалык жол менен текшерүү, ошондой эле сандык көрсөткүчтөрдүн негизинде алардын натыйжалуулугун баалоо зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Абдукадыров Т. Кыргыз тилин жогорку окуу жайларда окутуунун методикасы. – Бишкек: Мектеп, 2015. – 248 б.
2. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин теориялык жана практикалык аспектилери. – Бишкек: Адабият, 2016. – 284 б.
3. Байзакова Л. Студенттердин тил үйрөнүү мотивациясын жогорулатуу методдору. – Бишкек: Эл, 2019. – 200 б.
4. Эркинбекова Д. Жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутуунун практикасы жана инновациялар. – Бишкек: Кызмат, 2021. – 256 б.
5. Касымова Ж. Кыргыз тили сабактарын окутуунун методикалык көйгөйлөрү. – Бишкек: Билим, 2020. – 220 б.
6. Мамбеталиева Г. Кыргыз тилин окутуунун педагогикалык негиздери. – Бишкек: УБМК, 2017. – 312 б.
7. Осмонова С. Жогорку окуу жайларда кыргыз тили сабактарын инновациялык ыкмалар менен окутуу. – Бишкек: Эдит, 2018. – 276 б.
8. Сарсенова Ж. С. Кыргыз тилин окутуунун заманбап методикасы. – Бишкек: УБМК, 2022. – 272 б.
9. Сатыбалдиева А. Жогорку окуу жайларда интерактивдик ыкмалардын колдонулушу. – Бишкек: УБМК, 2018. – 240 б.
10. Токтобаева Н. Студенттердин тил үйрөнүүсүндөгү коммуникативдик компетенция. – Бишкек: Келечек, 2019. – 198 б.

Рецензент: окутуучу Дуйшеналиева Ж.А.

УДК: 316.6 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-208-213

Осмонова Н.Ы.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Осмонова Н.Ы.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Osmonova N.Y.
KNU Jusup Balasagyn

«ТИЛДИ ҮЙРӨТҮҮ – ЭЛДИ ОЙГОТУУ»: ЖЕҢИШБЕК ЧЫМАНОВДУН ИЛИМИЙ ДҮЙНӨСҮНӨ САЯКАТ
«УЧИТЬ ЯЗЫКУ — ПРОБУЖДАТЬ НАРОД»: ПУТЕШЕСТВИЕ В НАУЧНЫЙ МИР ЖЕНИШБЕКА ЧЫМАНОВА
«TEACHING A LANGUAGE — AWAKENING A NATION»: A JOURNEY INTO THE SCIENTIFIC WORLD OF ZHENISHBEK CHYMANOV

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада белгилүү тилчи-методист Ж. Чымановдун илимий мурасы, кыргыз тилин окутуунун теориясына жана практикалык методикасына кошкон салымы комплекстүү талдоого алынат. Автор Кыргызстандын билим берүү мейкиндигинде лингводидактиканын калыптанышында Ж. Чымановдун орду өзгөчө экендигин белгилеп, анын окутуу концепцияларынын негизги өзгөчөлүктөрүн көп булактуу илимий талдоонун негизинде ачып көрсөтөт. Макалада окумуштуунун «тил – коомду ойготкон күч» катары бааланган идеяларынын тарыхый-философиялык

негиздери, тил аркылуу инсанды тарбиялоо жана коомдук аң-сезимди жандандыруу жөнүндөгү теориялык көз караштары системалуу талдоого алынат. Изилдөөдө Ж. Чыманов сунуш кылган окутуу моделдери, анын ичинде этаптык көндүмдөрдү өнүктүрүү, интеграцияланган тилдик ишмердүүлүк, коммуникативдик компетенцияны калыптандыруу сыяктуу принциптер учурдагы билим берүү стандарттары менен салыштырылып, алардын заманбап методикалык багыттарга тийгизген таасири негизделет. Ошондой эле окумуштуунун илимий-практикалык эмгектериндеги кыргыз тилин окутууга байланыштуу жаңычыл ойлору жана системалаштырылган ыкмалары изилденет. Макаланын максаты – Ж. Чымановдун илимий эмгектеринин азыркы кыргыз тил илими үчүн теориялык жана практикалык баалуулугун ачып көрсөтүү. Изилдөөнүн натыйжасында окумуштуунун педагогикалык идеяларынын актуалдуулугу, тилди үйрөтүүдө улуттук баалуулуктарды айкалыштырууга багытталган концепцияларынын мааниси жана алардын кыргыз лингводидактикасын өнүктүрүүдөгү орду илимий негизде талдоого алынат.

Аннотация: В данной статье представлен комплексный анализ научного наследия известного лингвиста-методиста Ж. Чыманова и его вклада в теорию преподавания кыргызского языка и развитие практической методики. Автор подчеркивает особую роль Ж. Чыманова в становлении лингводидактики в образовательном пространстве Кыргызстана и раскрывает основные особенности его концепций обучения на основе многоаспектного научного анализа. В статье системно рассматриваются историко-философские основы идей ученого, в которых язык оценивается как «сила, пробуждающая общество», а также его теоретические взгляды на воспитание личности и активизацию общественного сознания посредством языка. В исследовании предложенные Ж. Чымановым модели обучения, в том числе поэтапное развитие навыков, интегрированная языковая деятельность и формирование коммуникативной компетенции, сопоставляются с современными образовательными стандартами, обосновывается их влияние на современные методические направления. Кроме того, анализируются инновационные идеи и систематизированные методы, представленные в научно-практических трудах ученого по преподаванию кыргызского языка. Цель статьи – раскрыть теоретическую и практическую ценность научных трудов Ж. Чыманова для современной кыргызской лингвистики. В результате исследования анализируются актуальность педагогических идей ученого, значение его концепций, направленных на интеграцию национальных ценностей в процесс обучения языку, и их место в развитии кыргызской лингводидактики.

Abstract: This article presents a comprehensive analysis of the scholarly legacy of the prominent linguist and methodologist Zh. Chymanov and his contribution to the theory of Kyrgyz language teaching and the development of practical teaching methodology. The author emphasizes Zh. Chymanov’s distinctive role in the development of linguodidactics within the educational landscape of Kyrgyzstan and reveals the main features of his teaching concepts through a multi-faceted scholarly analysis. The article systematically examines the historical and philosophical foundations of the scholar’s ideas, in which language is regarded as a “force that awakens society,” as well as his theoretical views on personality development and the revitalization of social consciousness through language. The study compares the teaching models proposed by Zh. Chymanov, including staged skill development, integrated language activity, and the formation of communicative competence, with current educational standards and substantiates their influence on contemporary methodological approaches. In addition, the innovative ideas and systematized methods presented in the scholar’s scientific and practical works on Kyrgyz language teaching are analyzed. The aim of the article is to reveal the theoretical and practical value of Zh. Chymanov’s scholarly works for modern Kyrgyz linguistics. The study analyzes the relevance of the scholar’s pedagogical ideas, the significance of his concepts aimed at integrating national values into language teaching, and their place in the development of Kyrgyz linguodidactics.

Негизги сөздөр: кыргыз тил илими; окутуу методикасы; коммуникативдик компетенция; лингводидактика; илимий эмгектер; билим берүү; окумуштуу-педагог.

Ключевые слова: кыргызское языкознание; методика преподавания; коммуникативная компетенция; лингводидактика; научные труды; образование; учёный-педагог.

Keywords: Kyrgyz linguistics; teaching methodology; communicative competence; linguodidactics; scholarly works; education; scholar-educator.

Тилди, анын ички мыйзамдарын, түзүлүшүн, грамматикасын, сүйлөө жана жазуу техникасын, стилин, улуттук өзгөчөлүктөрүн өсүп келе жаткан жаш муунга, мектеп окуучуларына жана студенттерге үйрөтүү маселеси билим берүү тармагында өзүнчө илимий багыт катары калыптанып, лингвистика, педагогика жана психология илимдери менен тыгыз байланышкан комплекстүү тармак болуп саналат. Бул багыттын пайда болушуна, өнүгүшүнө жана калыптанышына көптөгөн окумуштуулар өз ойлорун ортого салып, тынымсыз изденүү менен салым кошуп келишет. Бүгүнкү ааламдашуу доорунда тилди окутуу маселесине жаңы ыкма, жаңы көз караш менен мамиле жасап, окутууну Альфа жана Z муундарынын өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырып, заман талабына шайкеш кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык моделдерин түзүп, бул багытта шакирттерди тарбиялап келе жаткан окумуштуулардан уучубуз куру эмес. Мына ошондой чебер устаттардын бири – өмүрүн тил үйрөтүүгө, келечек муунду жана улутту тарбиялоого, элди ойготууга арнап, бул багытта үзүрлүү эмгектенип келе жаткан окумуштуу. Анын илимий ишмердүүлүгүнө баа берип, басып өткөн жолуна сереп салып көрөлү.

Кеп көп жылдан бери бул тармакта жигердүү эмгектенип, илимий-педагогикалык жаатта өзгөчө из калтырып келе жаткан окумуштуу-педагог Жеңишбек Чыманов тууралуу болмокчу.

Кыргыз тилин окутуунун методикасын улуттук лингводидактиканын өзөгү деп эсептей турган болсок, анда ал улуттук (кыргыз) лингводидактикасынын борбордук илимий багыты жана негизги таянычы болуп саналат.

Кыргыз тилин окутууда кандай ыкмаларды, технологияларды жана принциптерди колдонуу менен ийгиликке жетишүүгө болот? Кыргыз тилинин ички табиятына мүнөздүү фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик өзгөчөлүктөрдү, кыргыз маданиятына жана дүйнөтаанымына байланышкан тилдик каражаттарды, коммуникативдик байланышты эске алуу менен кыргызча ой жүгүртүүнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу керек. Албетте, бул жагдай улуттук лингводидактиканын мазмунун түзүп, аны башка тилдерди окутуунун методикасынан айырмалап турат.

Демек, кыргыз тилин окутуунун бардык илимий-теориялык жана практикалык багыттары ушул методикага таянат. Башкача айтканда, окутуу методикасы улуттук лингводидактиканын негизин түзүп, анын концептуалдык жана идеялык өзөгү болуп саналат.

Илимдин ушул тармагында өмүр бою эмгектенип, билим берүүнүн өнүгүшүнө өз салымын кошуп келе жаткан профессор Ж. Чымановдун кыргыз тилин окутуудагы орду өзгөчө. Окумуштуунун илимий мурасы, бир жагынан, кыргыз тилинин ички түзүлүшүн терең талдоого негизделсе, экинчи жагынан, тил үйрөнүү процессинин мыйзамченемдүүлүктөрүн ырааттуу ачып берүүгө багытталган. Айрыкча, кыргыз тилин окутууну коммуникативдик, функционалдык, лингвопсихологиялык жана компетенттүүлүккө негизделген багыттарда өнүктүрүүгө кошкон салымы бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой келет.

Бул макаланын негизги максаты – окумуштуунун методикалык концепциясын илимий негизде талдоо жана анын лингводидактикалык моделдеринин практикалык натыйжалуулугун ачып көрсөтүү. Ушуга байланыштуу окумуштуунун айрым эмгектерине токтоло кетели.

Профессор Жеңишбек Чымановдун эмгектеринде тилди окутуу, байланыштуу кепти өнүктүрүү, теориялык лингвистика менен методиканын өз ара байланышы негизги идеялар катары каралат. Окумуштуунун илимий мурасы кыргыз тил илиминде өзүнө таандык методологиялык моделди түзүп, кыргыз тилин окутуунун улуттук системасын калыптандырууга өбөлгө түзгөн. Профессордун 1990-жылдардан 2020-жылдарга чейинки мезгилде жарык көргөн эмгектери кыргыз тил илиминин ар кыл аспектилерин камтыйт: байланыштуу кепти өнүктүрүү, тилди системалуу үйрөтүү, тил жана кеп түшүнүктөрүнүн лингвистикалык өзгөчөлүктөрү, педагогикалык технологиялар жана методика,

кыргыз тилин эне тил жана экинчи тил катары окутуу [3; 4; 6] ж.б.

Жеңишбек Чымановдун илимий дүйнөсүнө жалпы мүнөздөмө берип, эмгек жолуна сереп салсак, профессордун илимий көз карашынын өзөгүн **«тил – коомдук көрүнүш, тилди үйрөтүү – маданий жана инсанды интеллектуалдык жактан ойготуу процесси»** деген концепция түзөт. Анын «Байланыштуу кепти окутуунун негиздери» (1997) аттуу эмгегин кыргыз тил илиминде жаңы дидактикалык багытты ачкан изилдөөлөрдүн бири деп атоого болот. Анда окуучунун ой жүгүртүү жөндөмүн, лексикалык корун, грамматикалык компетенциясын жана коммуникативдик активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн бирдиктүү үлгүсү сунушталат [1, 95-б.].

Профессордун илимий мурасынын маанилүү бөлүктөрүнүн бири – байланыштуу кепти окутуу концепциясы. Бул багыт кыргыз тил илиминде 1990-жылдары түптөлө баштаган. Ж. Чыманов өз эмгектеринде байланыштуу кепти үйрөтүүнүн төмөнкү принциптерин белгилейт: системалуулук, практикалуулук, функционалдуулук жана интеграция. Ал окуу материалдарын тематикалык, мазмундук жана функционалдык байланыштын негизинде уюштурууну сунуштаган. Автордун пикири боюнча, тилди өздөштүрүү текст түзүү, текстти талдоо жана текст менен иштөө маданиятын калыптандыруу аркылуу ишке ашат.

Ж. Чымановдун «Кыргыз тили: Сабактын теориясы жана практикасы» (2007) аттуу эмгегинде кыргыз тили сабагын уюштуруунун методикалык өзгөчө ыкмалары сунушталат. Бул эмгекте сабак билим берүү процессинин негизги бирдиги катары каралып, анын түзүлүшү, максаты, мазмуну, мотивациялык элементтери жана рефлексия процесси терең иликтенет. Автор окутуу усулдарынын классификациясын сунуштап, инновациялык технологияларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөткөн. Ошондой эле сабак жөнүндө жалпы түшүнүк берип, кыргыз тили сабагын өркүндөтүүнүн жолдору, анын типтери жана түрлөрү, сабакты талдоо жана баалоо, интеграцияланган сабак тууралуу теориялык көз караштарын баяндаган. Окуу куралы филология факультетинин студенттери, аспиранттар жана кыргыз тили мугалимдери үчүн таяныч эмгек болуп келет [3, 98-б.].

Окумуштуу 2015-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы» аттуу эмгегинде кыргыз тилин эне тили катары окутуунун улуттук үлгүсүн педагогикалык методиканын жаңы этабы катары караган. Эмгекте эне тилди окутуунун улуттук модели – «Чымановдун жеке ыкмасы» – сунушталат. Бул ыкма төмөнкү элементтерден турат: тилди табигый баарлашуу чөйрөсүндө үйрөтүү; баланын ой жүгүртүү процессин тилдик өнүгүү менен байланыштыруу; тилдик компетенцияларды бирдиктүү багытта өнүктүрүү; этномаданий контекстти сактоо жана актуалдаштыруу [8, 47-б.].

2009-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы» аттуу монографиясы кыргыз тилин эне тил катары окутуунун теориялык жана практикалык аспектилерин комплекстүү иликтеген, улуттук лингводидактиканын концептуалдык багытын аныктаган илимий эмгек болуп саналат [5; 6].

Монография кыргыз тилин окутуунун теориялык негиздери менен практикалык технологияларын бир бүтүн система катары карашы менен өзгөчөлөнөт. Автор лингводидактиканын негизги категорияларын – максат, мазмун, принцип, метод, каражат, баалоону – кыргыз эне тилинин улуттук табиятына ылайык изилдеп, аларды этнопедагогикалык, психологиялык жана лингвистикалык факторлор менен айкалыштырат.

Автор бул эмгегинде батыштык жана чыгыштык принциптерди салыштырма талдоонун негизинде кыргыз тилин эне тил катары окутуунун улуттук багытын аныктап, «кептен түзүлүшкө» карай окутууну кыргыз дүйнөтаанымына, менталитетине, тилдин ички табиятына жана элдик ой жүгүртүүгө үндөш негизги багыт катары сунуштайт. Бул көз караш кыргыз лингводидактикасынын теориялык өзөгүн жаңылоого багытталган маанилүү методологиялык кадам болуп саналат.

Автор макал-лакаптарды, элдик нускама, насаат жана таалимдерди, улуттук тарбиянын кеп маданиятына тийгизген таасирин илимий негизде талдап, аларды окутуунун психологиялык факторлору менен байланышта кароо зарылдыгын белгилейт. Элдик педагогиканын баалуулуктарын

окутуунун мазмунуна киргизүүнү кыргыз тилин эне тил катары окутуунун методикасындагы жаңы түшүнүктөрдүн бири катары кароого болот.

Дагы бир белгилей кетүүчү жагдай – студенттердин жана мектеп окуучуларынын типтүү каталарын, мугалимдердин суроо-талаптарын жана аймактардагы практикалык тажрыйбаларды эмпирикалык материал катары колдонуу сунушу.

Ж. Чымановдун аталган эмгегинин өзгөчөлүгү – кыргыз тилин окутуунун методикасында алгачкылардан болуп улуттук дүйнөтааным факторлорун, этнопедагогика менен этнолингвистиканы, сөздүн психологиялык күчүн жана ишеним феноменин окутуунун өзөгү катары кароосунда. Ж. Чымановду К. Сартбаев (“Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Фрунзе, 1978, “Эне тил сабагын окутуунун айрым методдору жана методикалык ыкмалары жөнүндө // Мугалимдер газетасы. –1961) [9], С. Үсөналиев (“Кыргыз тилин окутуунун методикасы, – Ф., 1975: “Мектепте кыргыз тилин инновациялык (жаңылануу) процессинин негизинде окутуу. –Б., 2006) [10], сыяктуу окумуштуулардын классикалык эмгектериндеги структуралык-грамматикалык окутуу багытын бүгүнкү күндүн талабына ылайык улантуучулардын бири катары кароого болот. Анын эмгектериндеги:

– тилди окутууну инсандын өнүгүүсү менен байланыштыруу;

– сөздүн эмоционалдык-психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу;

– этностук баалуулуктарды методикалык категория катары кароо;

– практикалык тажрыйбаны эмпирикалык материал катары колдонуу [2; 4] сыяктуу өзгөчөлүктөр Ж. Чымановдун жекече илимий көз карашын көрсөтүп, анын окумуштуу катары илимий бейнесин ачып турат. Мындан сырткары, автор чечиле элек 20дан ашык системалуу маселени белгилеп, кыргыз лингводидактикасынын келечектеги илимий багыттарын аныктаган. Бул жагдай аталган эмгекти программалык мүнөздөгү методологиялык эмгек катары баалоого негиз берет.

Кыскасы, Ж. Чымановдун «Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы» аттуу эмгеги – кыргыз тилин эне тил катары окутуунун методикасын жаңы улуттук илимий баскычка көтөргөн, өз концепциясы, багыты жана методологиясы бар салмактуу илимий изилдөө. Монографияда камтылган айрым теориялык маселелерди конкреттештирип изилдөө, аларды эксперименттик маалыматтар менен толуктоо жана заманбап методикалык технологиялар менен байытуу келечектеги изилдөөлөр үчүн актуалдуу бойдон калууда. Эмгекте кийинки изилдөөчүлөргө багыт берүүчү жаңы ой-пикирлер камтылып, жаш окумуштуулардын кеңири изденүүсүнө негиз түзгөн жана мындан ары өнүктүрүүгө мүмкүн болгон багыттар белгиленген.

Аталган эмгек бүгүнкү күндө методисттер, мугалимдер жана изилдөөчүлөр үчүн маанилүү илимий булак болуп саналат [5, 61-б.].

Профессор Ж. Чыманов кыргыз тил илимине, айрыкча тилди окутуу методикасынын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкон окумуштуу гана эмес, көптөгөн изденүүчүлөргө илимий багыт берген устат-педагог катары да белгилүү.

Анын жетекчилиги астында 1 докторлук жана 17 кандидаттык диссертациялык иш ийгиликтүү корголуп, учурда дагы 7 докторлук жана 15 кандидаттык илимий иштин аткарылып жаткандыгы окумуштуу-педагогдун калыптанган илимий мектеби бар экендигин көрсөтөт [7, 25-б.]. Анын илимий жетекчилик тажрыйбасы, изилдөөчүлөргө багыт берүү ыкмалары, ошондой эле изилденип жаткан маселенин өзөгүн терең түшүнө билүүсү изденүүчүлөрдүн илимий жактан калыптанышына өбөлгө түзүп келет.

Корголгон жана учурда аткарылып жаткан диссертациялык иштерде, негизинен, кыргыз тилин окутууга байланыштуу маселелер каралат. Тактап айтканда, кыргыз тилин ар түрдүү ыкма жана усулдар менен эне тил жана экинчи тил катары окутуу, кесипке багыттап окутуу, жалпы билим берүүчү орто мектептерде, кесиптик жана жогорку окуу жайларында элдик педагогиканын негизинде үйрөтүү, ошондой эле адабият жана башка предметтер менен интеграциялап окутуу маселелери изилденет. Бул маселелерди иликтөө, талдоо, практикада колдонуу жана тиешелүү жыйынтыктарды чыгаруу кыргыз тилинин сакталышына, жайылышына жана өнүгүшүнө салым кошууга багытталган. Ушул өңүттөн алганда, окумуштуу жетектеген илимий мектеп өз алдынча ой жүгүртө алган, теориялык жана

практикалык билими калыптанган адистерди даярдоого олуттуу салым кошууда. Изилдөөчүлөргө туура багыт берип, алардын ар биринин жеке мүмкүнчүлүктөрүн ачууга шарт түзүүсү окумуштуунун устаттык чеберчилигин айгинелейт.

Мындай кеңири масштабдагы илимий ишмердүүлүк өлкөдө илимий адистерди даярдоого олуттуу салым кошуп, Ж. Чымановдун окумуштуу, педагог жана илимий жетекчи катары кыргыз тил илиминдеги ордун айгинелейт.

Колдонулган адабияттар

1. Чыманов Ж. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери. – Бишкек, 1997. – 96 б.
2. Чыманов Ж. Тил жана кеп жөнүндө сөз. – Бишкек, 2005. – 148 б.
3. Чыманов Ж. Кыргыз тили: сабактын теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2007. – 103 б.
4. Чыманов Ж. Кыргыз тили: окутуу методдору. – Бишкек, 2007. – 97 б.
5. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2009.
6. Чыманов Ж. Кыргыз тили: сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы. – Бишкек, 2009. – 64 б.
7. Чыманов Жеңишбек Арыпович: библиографиялык очерк. – Бишкек, 2025. – 151 б.
8. Чыманов Ж. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015.
9. Сартбаев К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Фрунзе, 1978.
10. Үсөналиев С. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Фрунзе, 1975.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Черикбаева Н.

УДК: 82-14(575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-213-220

Оторбаев Б.К., Жыргалбекова А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Оторбаев Б.К., Жыргалбекова А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Otorbaev B.K., Zhyrgalbekova A.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0009-5102-6351
ORCID 0009-0007-5498-4411

ПРЕДМЕТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ: «КАНЫБЕК» РОМАНЫН 10-КЛАССТА ТАЛДАП ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МЕТОДИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
МЕЖПРЕДМЕТНЫЕ СВЯЗИ: МЕТОДИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ АНАЛИЗА И ИЗУЧЕНИЯ РОМАНА «КАНЫБЕК» В 10 КЛАССЕ
INTERDISCIPLINARY CONNECTIONS: METHODOLOGICAL FEATURES OF ANALYZING AND STUDYING THE NOVEL «KANYBEK» IN THE 10TH GRADE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада окутуу процессинде негизги роль мугалимге таандык экендиги, өсүп келе жаткан жаш муунга билим жана туура тарбия берүүдө ал жогорку жоопкерчиликти талап кылган милдеттерди аткарары айтылат. Адабият мугалими окуучуларга ар тараптуу жана терең билим берүү үчүн өз предметинен тышкары мектепте окутулган башка предметтер боюнча да кеңири маалыматка ээ болушу зарыл. Окутуу процессинде предмет аралык байланышты колдонуу окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу менен катар башка предметтер боюнча алган билимдерин толуктоого жана бекемдөөгө өбөлгө түзөт. К. Жантөшевдин «Каныбек» романын 10-